Скырг
гч 21

Гулаим Жайлобаева

# ТАҢ НУРУ

2024 ж.

С кырг
Ж 21

ГҮЛАЙИМ ЖАЙЛОБАЕВА

# ТАҢ НУРУ

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ
БОРБОРУ

ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВ
АТЫНДАГЫ
487563

2024 ж.

УДК 821. 512. 154-3
ББК 84(5 Кир)-44
Ж 21

Жайлобаева, Г.
Ж, 21 Таң нуру.- Ош: 2024.-...б.
ISBN978-9967-06-057-9

Урматуу окурманым!
Автор жазган ыр түрмөктөрүнүн окуган адамдарды кайдыгер калтырбайт деген ойдобуз.

УДК 821. 512. 154-3
ББК 84(5 Кир)-4
ISBN978-9967-06-057-9@Жайлобаева, Г. 2024.

# БАШ СӨЗ

*Жайлобаева Гүлайим эженин биринчи китебинин ачылышында жашоого, ата-энеге, табиятка, жаратылышка, туулган жерге болгон сүйүүсүн ыр аркылуу чагылдырган.*

*Жаңы чыгып келе жаткан эжекебиздин ырлары жандуу, чыйраак. Мекенге болгон сүйүүсүн ыр аркылуу бере алат.*

*Чыгармачылык чөйрөгө көптөн бери аралашып жүрсө дагы, өзүнүн тунгуч ырларын окурманга жарыйа кылып жатат.*

*Эжеге бекем ден соолук, узун өмүр үй-бүлөөлүк бакыт каалаймын. Заманыбыз тынч болсун эл арасында аманчылыкта ыр өнөрү ташкындай*

*берсин!*

***Элмира Исакова жазуучулар союзунун мүчөсү.***

УДК 821. 512. 154-3

ББК 84(5 Кир)-44

Ж 21

Жайлобаева, Г.

Ж, 21 Таң нуру.- Ош: 2024.-...б.

ISBN978-9967-06-057-9

Урматуу окурманым!

Автор жазган ыр түрмөктөрүнүн окуган адамдарды кайдыгер калтырбайт деген ойдобуз.

УДК 821. 512. 154-3

ББК 84(5 Кир)-4

ISBN978-9967-06-057-9@Жайлобаева, Г. 2024.

# БАШ СӨЗ

*Жайлобаева Гүлайым эженин биринчи китебинин ачылышында жашоого, ата-энеге, табиятка, жаратылышка, туулган жерге болгон сүйүүсүн ыр аркылуу чагылдырган.*

*Жаңы чыгып келе жаткан эжекебиздин ырлары жандуу, чыйраак. Мекенге болгон сүйүүсүн ыр аркылуу бере алат.*

*Чыгармачылык чөйрөгө көптөн бери аралашып жүрсө дагы, өзүнүн тунгуч ырларын окурманга жарыйа кылып жатат.*

*Эжеге бекем ден соолук, узун өмүр үй-бүлөөлүк бакыт каалаймын. Заманыбыз тынч болсун эл арасында аманчылыкта ыр өнөрү ташкындай берсин!*

***Элмира Исакова жазуучулар союзунун мүчөсү.***

„ Эх! кандай сонун балалык кез, жаштык кез,
Тоо суусундай өтүп  кетти өтө тез.
Биз картайып, биз улгайып баратсак,
Ушул калат бул өмүрдөн бир элес."

## ТИЛСИЗ ЖОО

Дыбыртаган жамгыр үнү,
Жердин бетин суу каптап.
Күнгүрөгөн асман бети,
Кара булут чартылдап.

Буркан-шаркан дайра толуп,
Сел каптады чар тарап.
Астын- үстүн будун чаң,
Көз ачып жумгуча.

Калайык калк кыйкырык,
Базардагы буюмдар.
Агып кети шуулдап,
Токтотууга чама жок.

Тил байланып калдык шок,
Суу денебиз, колдо чатыр дагы жок.
Асман күнгүрт, айгай айткан элдер көп.
Жол четинде машиналар без тормуз,

Агып жатты суу үстүндө калтылдап,
Ушул учур эскерткендей 1сабак.

Дүйнө кетти, азап кетти алыска,
Тазаланып жашоо керек жаңыча.
Ыйман тилеп ырыскыга шериктеш,
Жууп салайлы дилибизди барынча.

Сабак деген ушул жашоо турмуштан,
Сарамжалдуу жүрүү керек алдыртан.
Апсыкпайлы дүйнө өмүр ушу деп,
Ардактайлы улуу-кичүү кадырман.

## АЙТ КЕЛДИ

Кут болсун ушул айтыңыз,
Кубанып тосуп калкыбыз.
Элимде тынчтык болсун деп,
Кол жайып сурап баарыбыз.



Ал-жайын сурап айылыбыз,
Алыстан келдик кадырыңыз.
Кол жайып көөдөн күүшүрүп,
Ата-эне турган жайыбыз.

Өткөндөр күнүн эскерип,
Өмүрдүн жүгүн белсенип.
Арапа-айт майрамып,
Ардактап тосуу бир келип.

## ЖАЙ

Жадыраган жай мезгили,

Жылуулуктун илеби.

Жымындаган жылдыз көктө,

Жарык нурун себеби.

Аалам тыптынч, элим тынч,

Бакыт шамы шыңгырайт.

Берекеси жеримдин,

Барчылыктын ыры ырдайт.

Куттуу элим- кымбатым,

Кут даарыган сымбатын.

Келечеке жол ачып,

Кыдыра бер жер шаарын.

**МЕКТЕБИМ**

Кагылып конгуроо мектепте,
Эс алуу 5 минут эшикте.
Бактылуу балалык секелек,
Оюндан башканы сезелек.

Акылдуу камкорум агайым,
Саат сайын билим арнадын.
Жашоомдо кызык сабакты,
Күн сайын көнүлгө байладын.



Уксак да кээ бирин байкабай,
Кулактын сыртында ай,ай,ай.
Классташ курбулар тентектер,
Көңүлсүз ойноочу сайрандай.

Сыймыктуу келем мектепке,
Зангырап бийик элете.
Кызыктуу башка нерсе жок,
Билимдүү агай-эжеме.

Тартиптүү сылык адам бол,
Китепти көп-көп окуй гой.
Дүйнөнү таанып билесин,
Тилегин айтып санап кой.

Деп насааты көп айтуучу,
Дүйшөн агай барктуусу.
Дилиме акыл толтуруп,
Тарбия жолго салуучу.

Адабият эле сабагы,
Үлгүсүн алдым андагы.
Үзбөй бир тартып өзүнү,
Адабиятчы болдум мен дагы.

Кадырлуу эле ал кезде,
Билимге суусап балдары.
Өткөн кезди өксүтүп,
Сотканы кармап калганы.

Заманым турат жетишип,
Тил үйрөн терең берилип.
Дүйнөнү түгөл кыдырып,
Дүңгүрөт кыргыз жеринди.

Акылың топтоп алыска,
Канатың күүлө жарышта.
Ооматың келип турганда,
Кадамың кенен арышта.



## КАЛЕНДАРДЫН 17

Календар бүгүн 17,
Көңүлүм толду бир чети.
Көп жерди жүрөм кыдырып,
Эс алып аалам бермети.

Сагыныч жазып айылга,
Сапарым тарттым зарыга.
Таза аба кең талаа,
Көк жыттанган жер мына.

Шанданган шайыр элдери,
Көңүлү куунак тентеги.
Базары жок жөн эле,
Бейиши ушул жер деди.

## КАРЕГИМДЕ АЛА-ТОО

Кереметүү жомок кыял чабыттап,
Периштедей учуп келип жаныма.
Орундайын айтчы деги тилегин,
Кабыл болсун арзуу , тилек шартына.

Мээрим ыйман ийкемдүүлүк бар бекен,
Издеп жүрөм тууган элим ичинен.
Көп кыдырдым таппай калдым эмнеге,
Калың журтум журт которуп кеткенби.

Кагылайын карегимде Ала-Тоом,
Сүйөнөөрүм , жүгүнөөрүм түнөгүм.
Канча кымбат алтын буюм берсе да,
Тендеши жок бир өзүңү сүйөрүм.

Таалайыма кыргыз болуп жаралып,
Мактанамын кызың болуп аталып.
Улуу тоонун боорунда мен төрөлүп,
Улар куштай учуп жүрөм даңк алып.



Ак- маралдар, кайберендер оттогон,
Ала-Тоомдо жыпар жыттуу чөп кенен.
Арча, кайың, токойлорун аралап,
Ташкындаган дарыя суусу бепбелен.

Таза аба, булак суусу сызылып,
Таң калышат башка элдер кызыгып.
Кымыз , сүтү , кулун , бээси байланып,
Дарылыкка аты чыккан жар салып.

Аппак пейил, жайдары жүз мүнөзү,
Кыргызымдын кыял теги дал өзү.
Кылымдардан кыя ашып бел ашып,
Жашап келет өчпөс суусу мүрөгү.
Ошол менмин кыргызымдын жүрөгү.

## АТА-ЖУРТ

Ала-Тоом элим жердеген,
Мактанам сендей кен мекен.
Кыргызым кылым каарыткан,
Кымбатым- ата журт экен.

Жерлердин көркөм тазасы,
Макмал тор таза абасы.
Керемет кымкат кийинген,
Кымбатым элим карачы.

Тоолору бийик заңкайып,
Бүркүт, улар куш кайып.
Элик, кулжа, топоз, уй,
Көз жетпей көркөм ажайып.

Таңшып бир булбул сайраса,
Таң атып көңүл жайланса.
Таркабай моокум кандырат,
Таалайым бейиш жазданса.

Талааны ээлеп кызгалдак
Табият койну сыр ачмак
Байчечекей сыя гүл
Атыры анкып нур тарап.



Керемет көркөм сулуусу,
Салкын аба шар суусу.
Көрсөм деп көбү суктанган,
Ажайып жердин улуусу.

Бактылуу жерде төрөлгөм,
Бакыйып сенден мен өнгөм.
Бапырап жашап келейтам,
Баарынан улуу менин өлкөм.

Кен пейил элим өсө бер,
Канатын аалам кере бер.
Дүнгүрөп дүйнө таанысын,
Кыргызым улуу кеменгер.

## ӨМҮР

Кымбатөомүр кимге кандай берилген,

Сырлуу сынтак сый урматы чегилген.

Сыпайыгер эгер болсон фанатик,

Урмат сыйдын увазгери берилген.

Татаал тайкы кермегине илинсен,

Тоо ташкыны дайра сууда киргилт сен.

Чабак атып чарпалактап тирүүлүк,
Жашоо ошол мыйзамына ийилсең.

Кээде түнбү жарыгыбы таң аткан,
Кээде ылай, тунук суусу шар акан.
Өйдө, ылдый заманында олбурлуу,
Оор басырык катарында бараткан.

Болсо дагы кичине бир эмгегиң,
Элиң үчүн күч кубаты бергениң.
Тамчыдан суу, дайра болуп толкундар,
Адам атка абийир менен келгениң.

Башта жолду тазалыка чайынгын,
Оор күндөрүң артта калды кайылсын.
Сабыр берген кыйынчылык конторгон,
Тилегибиз ак батабыз жайылсын.



## ЖАШОО САПАРЫ

Учкай улап улууларды кары деп,
Айтчу элек артынан бир аңыз кеп.
Ээрчип келдик башка жол жок бурулбай,
Курган тура турмуш өзү улуу чеп.

Койгон тура акыркысы ушул чек.
Жашоо сынбайт ал жаралган абадан,
Адам сынат кайгы турмуш санаадан.
Канча жылдар сыр билбей сынакпы.

Чече албай түйүнү жок ыраакпы.
Жашап келет каары тийген казапты.
Турмушундун ысыгы бар суугу бар,
Карангы түн жарыгы бар таны бар.

Тамагындын ачуусу бар татуусу,
Узак жашоо өмүрүндүн барктуусу.
Таза жолдун бакыты бар, күнү бар,
Арам жолдун күйүтү бар күлү бар.

Кел эмесе тандайлычы туугандар,
Кер мур айтпай кара жолду куугандар.
Бир заманда бул жашоодо тургандар.
Бакыт издеп жаны доорду тургандар.

## НООРУЗ

Жер төрөлүп жаш баладай ойгонуп,
Бак-дарактар бүчүр байлап толгонуп.
Жылуу илеп беттен сылап ыргалып,
Жаңы жылым кирип келди жылмайып.

Кылымдарга ата журтум түнөк таап,
Кыйын кезен жылдар менен алышып.
Жомок кыял даяр турмуш эшигин,
Наристеге тартуу кылды бешигин.

Келечекти аяр карма улуу жол,
Намыс, ариет, азап жеген нечен кол.
Арман кылып жетпей кеткен өмүрлөр,
Сага белек жүрөгүндө сактап кой.



Нооруз келди айдын нуру төгүлүп,
Жердин бети жашыл чөптөр көрүнүп.
Шанга бөлөп, калын журтум сүмөлөк,
Эне-эжелер түндө ойноп ак чолмок.

Таң агарып, татуу боорсок чачылып,
Казанда эт, боор кайнап асылып.
Ата-эне, бала-чака бапырап,
Бата берип жүзгө колу тартылып.

Бар болгула, бай болгула калын журт,
Бакыт нуру келе берсин агылып.

21.03.24

## ТАҢ СУЛУУ

Топурап топ ичинде баратамбы,
Тоо койну түндө жылдыз санашабы.
Тээ алыс көк мелжиген Ысык-Көлдү,
Булуттар жүзүн чайып таң атабы.

Айлана теребел учкундары,
Ай менен сырдашып кубулганы.
Ала-Тоом аркайып тээ алыста,
Күн нуру кучагынан суурулганы.

Аска -Зоо боорунан ичке болуп,
Дайранын суусу агып куюлабы.
Арчалар дүнкүйүп думур байлап,
Тоо койну тан сулууга кубулганбы.

16.03.24

## КАРА-ТАШЫМ

Аскасы тоолор тиреген,
Кара-Ташым мекеним.
Албуттанып дайрасы,
Ала-Тоому жиреген.

Көз кайкытып көркөмү,
Кекилик улар жердеген.



Балалык кез ойноп улуу тоолорго,
Бакырчубуз күнгөй-тескей зоолорго.
„Аа, уу"' десек аркы өйүз жаңырып,
"Оо, уу"-деген дароо бийик үн келчү.

Маашырланып бала кезде шок элек,
Дүйнө бизге толуп турчу ток элек.
Баатыр күндөр калып артта бапырап,
Бапестеген ата-эне жок анкылдап.

Кала бердик кыял менен чачырап.
Узун жолдор , кенен талаа гүл толгон,
Жашыл макмал менен бети оролгон.
Жайлоо жайлуу ата бабам төрдөгөн,
Кереметтүү мындай жерди көрбөгөм.

02 03 24

ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВ
АТЫНДАГЫ
487563

## ООМАТ

Түн карангы айлана тынч уйкуда,
Шыбырт үн жок кудуретим күчүдө.
Жан-жаныбар тирүүлүктүн бири жок,
Эс алууда магдыраган калыбында.

Элим эсен мээнет кылып чарчасын,
Дүйнөн түгөл түз жолунду тандасын.
Кереги эмне ыйкы-тыйкы ушакты,
Кылымдарды кезип узак жашасын.

Төөнүн карды жарылганы ушулдур,
Төрт тарабы дүйнө батпай кутургур.
Жетпей дале жаланганы курусун,
Кыргызыма оомат келсин бурулсун.

2.03.24



## МЕЗГИЛ ҮНҮ

Асман бети көпкөк болуп туптунук,
Ай мээлжиген ак булуттан суурулуп.
Күн күлүндөп чыга келди карасан,
Аппак тандын кучагынан буюлгуп.

Жаз илеби шамал согуп дирилдеп,
Жер бетинде жашыл чөптөр бириңде.
Байчечекей наристедей көз ачып,
Көргөн көздүн жоосун алып сергитет.

Мезгил үнү шарактаган тунук суу,
Жүзүн чайып күлүмсүрөп ай сулуу.
Шаңшып учуп бир катарга тизилип,
Обон салып учуп жүрөт аппак куу. 01 03 24.

## КЫШ

Кыш да кетти аппак кары арашан,
Кээде жаады күн алмашып аппак таң.
Калың жааса кар төгүп калкыбызга,
Токчулук болоор дешти жалпыбызга.

Кыш чилдеси суук, муз болгонунда,
Табиятка ак кар таштап койгонунда.
Тоо таштар сиңирип келбетине,
Жер эне суу ичип тойгонунда.

Февралдын кыш чилдеси аягы,
Шамал беттен согуп өтөт таягы.
Коштошоорго кыя албай бозоруп,
Жаз илеби кирип келди сыягы. 29.02.24.



## ЖООКЕР

Кабак кашы бүркүт сымал келишкен
Карегинде бакыт нуру чегилген.
Калкы үчүн жан аябай өмүрүн,
Күнү түнү чек арада бекилген,
Кыргызымдын жигиттери темирден.

Сыртта баатыр, ичи толгон мээримге,
Сугарылган акыл-эси билимге.
Таалайына тагдыр өзү из салган,
Султаны бол эл-жериндин чебине.

Үй-бүлөгө бакыт нурун тамызган,
Үмүт отун өчпөс кылып жандырган.
Кыргызымдын жигиттери эли үчүн,
Калкан болуп карегинде от жанган.
Мекени бар эли журту кыргызстан.

2.12 23.

## АК КАР

Аппак кар жаап жериме,
Кут келди го элиме.
Жер тойсо эл тоет деп,
Алтындай жанат жер эне.

Сымбатуу тоолор кериле,
Сыр катып эчен жыл деле.
Сыймыктуу сыйын билгендей,
Жылтылдайт алтын нур дилде.

Асмандан алтын жаады кар,
Көркөмү кооз ушул шаар.
Кыйма-чийме жолунда,
Эл машина батпай тар.

Заманым өсүп жетилип,
Акылы толбой кечигип.
Дайрадай агып баратат,
Жашоонун шары теминип.



Дүйнөгө тойбой пендебиз,
Дүнгүрөп жашай беребиз.
Дүнк этип көзү ачылаар,
Учурда азыр экенбиз

Пейилди баштан оңдойлу,
Кетирип ката койбойлу.
Калайык элим калың журт,
Каада салт менен жолдойлу.

20.02.24.

## ЖАЗ

Жылуу жазым тоң муздарды эритип,
Жарык маанай сулуу кыздай керилип.
Ар бир үйгө салам айтып баш багып,
Сагынычта кирип келдиң теминип.

Обон салып жүрөк кылда чертилип,
Ар бир тамга өз-өзүнчө терели.
Жаштык ода махабаты келдиби,

Көл толкуну сүйүү учкунун сездиби.
Жашыл аалам гүлдөр сунуп буркурап,
Жазым чындап кирип эми келдинби.

## ЫРЫСКЫ

Кечке жүрөм кең көчөнү аралап,
Кереметтүү көп нерсеге салабат.
Тартуу кылган таалайыма рахмат,
Талбай жүргөн эмгектерге күн чубап.

Тан атканда чачылгандыр ырыскы,
Тилек айтып бул өмүрдүн жылышы.
Табигаттын тартуулаган белеги,
Талбай чарчоо мээнет үзүр кыймылы.

Кереметүү кээ күндөрү сыйкырдай,
Алып учат кыялымды учкундай.
Кыргыектей кыдырамын ааламды,
Жашоо мээрим төгүп төргө сыйындай.
Тагдыр келет учурунда сыйлаган,



Өмүрүндү туура басып жыйнаган.
Кыйындыкта чындык жолду тандасан,
Үзүрү бар эртен аны баалаган.

**10.02.24**

## СУЛУУЛАР

Сулуулар дайым тартып өзүнө,
Суктанып карайбыз көзүнө.
Серт биреө көрүнсө кокустан,
Селейип калабыз көмүскө.

Жашоого көрк берип жараткан,
Табият көркөмүн караткан.
Тоолорун өркөчтүү жаратып,
Жашыл жер гүл бакча тараткан.

Ырыскы үрөөнүн бир чачып,
Артынган мүрүгө жүк артып.
Аз өмүр өтөп ал жетишип,
Кетпесин эрте эле күн батып

## ТУУЛГАН ЖЕР

Туулган жерим тоолуу өрөөн капчыгай,
Арчасы мол жапжашыл го карагай.
Ак булуттар тан сүрүлө сөгүлүп,
Ала тоодо жайнап чыккан ак буудай.

Тунук булак тамчысындай ай толуп,
Берекеси түгөнбөгөн ырыскы.
Пейли таза жайдары эл шоокуму.
Абасына канбай такыр моокуму.

Жаз мезгили жапжашыл төр макмалдай,
Кызгалдактар   гүлүн эгип салгандай.
Кымыздырык, чүкүрүсүн даам татсан,
Берешендик дасторконун жайгандай.

Тоолук элим таңы м.н.тен атып,
Саартан кечке күнү м.н.тен батып.
Чарчабаган  мээнеткечсин символу,
Бул өмүрдүн ээси болуп колу ачык.



Сыймыктанам туулган жерим өзүнө,
Кайда жүрсөм карегимсин көзүмө,
Канча мээнет төксөм баары сен үчүн,
Мен келгенде өткөзүп жүр төрүнө.

## ЭЛЕСТЕР

Асман жарык ай ааламды каптаган,
Таза суусу бууркан тушуп шар аккан.
Тоонун бетин ак кар каптап ширелип,
Шуру мончок муз үстүндө капталган.

Аалам тыптынч эс алууда мемиреп,
Кулжа коен жер тамырын кемирет.
Чымчык карга канаттарын сабалап,
Тумшуктары дарак чукуп жем издейт.

Кыш кыроосу аяз болуп кырчылдап,
Көк бел суугу шамал болуп ызылдайт.

Калын кийин узун жолго аттансан,
Чымчып бетен суук тийишип тызылдайт.

Кар калыны элимдин ал байлыгы,
Катуу сууту куч кубатын азыгы.
Кылымдардан келе жаткан бул мезгил,
Жашоо өмүр тирүүлүктүн арымы.
25.12.23.

## АПАКЕМ

Апакем жаны келин чагында,
Тоодон келип Кара-Суу шаарына.
Түшкөн экенсиз ошол сүрөткө,
Таттуубүдөй сулуу маалында.

Абдан узун жерге тийип чачыныз,
Мөлтүрөгөн кой көз кара кашыныз.
Айткан эле молдо акенин аялы,
Сулуулугун көрүү үчүн барчубуз.



Анда атамдын болгон экен иниси,
Райкомдун белдүү бир кишиси.
Жеңем экөө түшкөн экен сүрөткө,
Кара тору өңү сертго анысы.

Ошол сурот бизде жокко чамасы,
Айыл алыс болгон экен арасы .
Таппай жүрөм көңүл анда ток экен,
Албаптырмын бекитип ии карачы.

Байоо сезим издеп жүрөм жок экен,
Энекемдин ошол күнү чок экен.
Оор заманда ак талканын майдалап,
Жокчулукту бардай кылган кези экен.

Кенгурудай чоңойуп каптальнда,
Бой жеттик оор күндүн аптабында.
Апакем чачтары бубак болуп,
Сактап келди мээримдүү калканында.

Аяктап мугалимдик кесипти,
Өмүр деген жер ээрчитип кезитти.
Эмгек кылып алгач алган маяна,
Апакеме жемпир алып кийинтти.

Апакеме жетти жылуу каректер,
Ашып өтүп канча бийик белестер.
Алсыз болуп карылыктын каруусу,
Сүйүү сезим жеңип турду тилектер.

Сүйүнүчтөн каректерге нур бутуп,
Берээр ашын билбей кайда унутуп.
Араң басып жүрсө да мен байкабай,
Толуп ташып отурупмун сүйүнүп.
Чексиз бакыт толгон тура чөйчөгү,
Кеткен экен өмүрүмдүн өрнөгү.
Жомок экен өткөн күнүм кургур ай ,
Жолдо жүргөн жолоочу бир болдум ай.

**22 12 2022.**



## АТА

Ата деп кино көрсөм ыйлай берем,
Жанымда караанынны таппай келем.
Бар болсоң көңүлүм ток тоодой болгон,
Төрдөгү элесинди издейм неден.

Бар элең бакыт экен баалабадык,
Зар какшап арман экен аңдабадык.
Мүнөткө дүйнө берип кайтаралбай,
Оопасыз өмүр экен жандабадык.

Атакем акылдуу да күчтүү элең,
Улак чаап утуп баарын жеңээр элең.
Колдорун узун болуп кетмен күрөк,
Кармаган улак этин үзөөр элең.

Турушун Сүймөнкулдай чап жаак элең,
Чын сүйлөп жалганчыны чанаар элең.
Калп сүйлөп мактангандар жолой албай,
Акырын артка качып калаар эле.

Билимиң бийик болуп турса дагы,
Менмин деп көкүрөктү каккан жоксуң.
Жөнөкөй адамдарга аралашып,
Дос тутуп жогоруга барган жоксуң.

Атаке мунун баары бизге сабак,
Кармадык жашообузга кылып адат.
Оор болсо оомат келип аягы,
Биз турмушта жеңип чыктык сыягы.

## ЭССЕ

Аруу тилек акылың,
Ар пендеге жакының.
Азыноолак болсо да,
Пайда берсе кадырың.
Жолуң изде жоомарт бол,
Адилдикке оомат бол.
Ар адамдын иши экен,
Өйдө-ылдыйда жөлөк бол.



Улуу, кичүү урматы,
Узун жолдо сыйлашуу.
Өтүп кетсе убакыт,
Ошол калат кызматы.

## ПЕНДЕБИЗ

Чарк айланып жашасаң да жакшылык
Жакпай кимге жасап жүрөт каршылык
Табиятын тансык болуп жаралган
Тар чөйрөдө будуң чанда карарган пендебиз

Бакыт дедиң баралбадын баарына,
Кур шанданып бузуп жарып жана да.
Көөдөнүндө кылдай таза сезим жок,
Көтөрүлдүң кыйма чийме сабында.

Жүзүң киргилт пейлиң небак бузулган,
Жасалма түс, жарык фонар коюлган.
Аттиң эми көсөө болуп көр пенде,
Кара дакты айлана чыздырган.

Көөнүн кара ак жолуңду байлаган,
Көтөрүлүп жаман издеп пайлаган.
Жакшылыка курман чалып өзүңү,
Атин омур пейилинди карманган.

Чала сага жарганаттай жан кечти,
Карангыда канат күүлөп чамынган.
Жашай бергин чала сабат алында,
Жашоо жалган сага чында баарында.

## ТУУГАНДАР

Тууганым дедим толкундап жеттим,
Сүйүнүп дагы көрүнүп кеттим.
Балапан    эти толо элек экен,
Алыска учуп көнө элек экен.

Апакем жакын боорудур бүткөн,
Эжеден калган мээридир күткөн.
Эселек мен да эзилип турам,
Карааным апам кадырын күткөм.



Апамдын жери тага жээн экен,
Уютку салып улаган бекен.
Унута калбай той ашта дайым,
Түбөлүк каттап жүрөлү бекем.

Апакем ырдап кошокчу эле,
Обонду созуп ырдачу кээде.
Каткырып көбү колдорун чапса,
Кетебиз болду дечүмүн неге.

Замана анда башкача эле,
Ар бир күнүн алтынга тете.
Апамдын жолун сиңдиси улап.
Артисттик наам алыптыр курап,

Көрсө бир таңшып кубанбайт беле.
Армандуу дүйнө калаптыр элге.

## ӨТӨТ КҮНДӨР

Мезгил өтөт чайпалбаган калыпта,
Канча адамдар өттү-кетти карыпта.
Кечээги биз бала кезин картайып,
Бүгүн турат пенсиянын сабында.

Ата-энендин жетпей калган арзуусун,
Аткар бирок дүйнө эмес барктуусуң.
Азап, чыдоо, эмгек, чындык күрөшүү,
Адал мээнет ак пейил дин нарктуусуң.

Ыйман, ырыс, өмүр экен ачкычы,
Адам болуу жашообуздун башкысы.
Туура жолду тандоо өмүр белеги,
Өзү келет бакыт белес баскычы.

## АЙЫЛЫМ

Баргым келди айылыма сагынып,
Кучак жайып тосуп алар апам жок.
Көөнүм бошоп унутулуп  бир азга,
Балалык күн өткөн экен болуп шок.



Мезгилдерим бөлүп алып ай жылга,
Медер туткан бактылуу кун чагымда.
Учур келип баяндап бир береби,
Ушул турган улуу кичүү сабында.

Бала күндөр бажырайган бакытпы,
Артка жол жок кийинки ирет жабыкпы.
Өзгөрөсүң токтоо болуп улуудай,
Дайра сымал өмүр агат албууттай.

Жашоо күрөш жыгыласын жыгасын,
Чабак уруп өмүргө тик турасын.
Кирпич кыштай бекем болуп урулуп,
Өмүр сабы бара берет күбүлүп.

Ар бир таңды аяп тосуп алууга,
Күнүн өтөт мээнет жумшап табууга.
Эмгек күрөш берекеси чачылаар,
Элим үчүн бакыт жолу ачылаар.

## КЕЛБЕС КҮНДӨР

Түн ортосу айдын нуру төгүлүп,
Алтын жылдыз тээ алыстан көрүнүп.
Шамал келди эт бетимден өпкүлөп,
Делбирине чегүп турдум колкүлдөп.

Жайдын толгон 18 дей мезгили,
Эң ысык күн жаштык учур делбири.
Жай өтүүдө күзгө колун серпилеп,
Жаш кетүүдө ар бир кунун калчы деп.

Өмүр өтөт өчү бардай зуулдап,
Өкүнөсүң кулак мурун чуулдап.
Акыл эсиң эми гана толгондо,
Өмур кызык эч тойбостой болгондо.

Өчү бардай кемчилигин ошол деп,
Турмуш бизге колун кезеп койгон го.
Балалыкта акыл азго бүшүркөп,
Баралында бакыт балкып төгүлөт.



Ушул учур калбас экен арманда,
Ошол үчүн жашоо бизге жалганда.
Төрөлмөйдүн түгөнөрү бар экен,
Өмүр узун бирок жашоо кыска экен.

Жетеленип 70 же 80ге,
Болду деген белги келет билгенге.
90 тоому кирип кеткин чэнге,
Толук бүттү ушул өмүр келгенге .

## ЖАЙ

Жашоо сонун жай мезгили күрөшкөн,
Дыйкан алып эмгек жолун мүрөктөн.
Бир күнду да кетирбейин бошко деп,
Эли учун мандай терин төгүшкөн.

Ушул мезгил бир жыл үчүн жоопкердир,
Күз кыш жаз айы кампасын толтураар.
Мандай тери ай күнүнө чыланып,
Кышта эс алып өз төрүндө олтураар.

Тынчтык бакыт маарекеси элиме,
Ыйман сыймык орносунчу жериме.
Жаман көздөн ырай суудан сактасын,
Дүйнө жүзү кыргызымды мактасын.

## ЖАЗ

Сулуу жаз кызгалтактар.
Ааламдын көркүн ачкан.
Адам зат тойбой турган,
Бейиштин таңы аткан.

Жапжашыл шибер чөбү,
Жаштыктын сыры беле.
Кыпкызыл кызгалдактар,
Сүйүүнүн гүлү беле.

Жазда мен төрөлүпмүн,
Бакытка бөлөнүпмүн.
Туптунук булак суусун,
Жүзүмө сүртүнүпмүн.



Тоолорум дөңсөөлөрү,
Чукуру ышкын баскан.
Адамзат оозанса деп,
Табигат түрүн чачкан.

Керемет кыргыз жери,
Берешен бейпил эли.
Бакытка бөлөп койгон,
Бактылуу мени сени.

Жаз айы жаркын айы,
Мөмөлөп багы дагы.
Өмүрдү улам алга,
Жетелейт куруп шанды.

## ЗАМАНА

Жакшынын барсан жанына,
Мүрөктүн суусун ууртарсын.
Жамандын жүрсөн жанында,
Уу сөзүн угуп кураарсын.

Акылман болуу онойбу,
Изденип билүү убакыт.
Иргелип китеп барагы,
Издөөдө көңүл тойобу.

Кыйын кырдаал учуру,
Билимсиздер күтүрдү.
Менмин деген текебер,
Өзүн мактап учурду.

Кошоматчы колун чап,
Азамат деп түкүрдү.
Айгай салган замана,
Аты калды ааламда.

Атасынын атын да,
Көчөгө коюп акчага.
Куурап турат калаада,
Дүйнө байлык учуру.



Билип билбей кутуру,
Айгактаган замана.
Ар өнөргө жол ачкан,
Артистери ыр ырдап.

Доллар күткөн замана,
Кыйналганы араба.
Айдап соода жанада,
Акча тапкан замана.

Бизнес күчөп ааламда,
Жашы дагы карысы.
Көр тирликтин айынан,
Базар жүрөт баарысы.

Соода акча кумири,
Жашообуздун жюрийи.
Эли жерим тынч болсо,
Деген калктын тилеги,
Болсун ушул белеги.

## АК КАР

Апакай кар таптаза,
Көөнү таза адамдай.
Калаа бетин тазалайт,
Кара каптап калгандай.

Алтындай жанып үлпүлдөп,
Мээримин төгүп салгандай.
Апак пейил элиме,
Дартына даба тапкандай.

Таза абадан дем алып,
Табынып сага турайын.
Колумду жайып кубүрөп,
Калкыма бакыт сурайын.

## ТАГДЫР

Жашоо тагдыр мезгили,
Табигаттын татаал миң изи.



Өмүр бою ары-бери жүрөсүң,
Калат экен сокку урган сезими.

Жапжаш агам жаңы турмуш баштаган,
Кыз уул көрүп бул өмүргө аттанган.
Жаңы үй куруп, той уланар маалында,
Жарк деп өчтү жалган өмүр капыстан.

Асман булут жер көчкөндөй заматта,
Жаман кабар жети бүтүн ааламга.
Авария дан жаш 2 жигит өтүптүр,
Шофер мас сүзүлүптүр Калаада.

Жаман кабар жетип келди заматта,
Баш айланып алай-дүлөй ааламда.
Сезим өчүп нес абалда калтырап,
Кайда экенин унутасын жалдырап.

Атам , апам жайлоодо эле күз айы,
Кабар жетип карангы күн каптады.
Жүзүбүздөн жаш шорголоп токтобой,
Калың элим кайрат айта баштады.

Анда жашпыз машинелар аз эле,
Ошол оор кун сезимимде так эле.
6 ай эле уулу азыр эр жетип,
Балалуу ал орун басар кез эле.

## ЖЫЛАНДАР УЮГУ

Муздак дене супсак көздөр тунжурайт,
Тээ качанкы өчү калган немедей.
Чаар аласы же сарысы айтор баары,
Үшкүргөндөй кезек эми келгендей.

Кайсы бир жыл уюугуна жыландын,
Балдар барып таш ыргытып ойногон.
Дал ошондо чоң бир жылан жанчылып,
Өчпөс кек ошого тынч койбогон.



Канча адамдар журт которуп келишип,
Из жашырып кетет кайра шекшинип.
Жомок болуп адамдарда айтылат,
Жылан уюг адамдарды жеришет.

Ошондуктан дос болбогон адамдар,
Жылан десе дене бою жыйрылат.
Туш келишсе бир-бирине ышкырып,
Жашоо токтоп калуучудай тунжурап

## КҮЗ

Жашоо жарык тегиз чачып нурларын,
Ай аалам да ичке катып сырларын.
Күзүм келди байлыгы мол береке,
Кыш жазга топтоп төктү бүт баарын.

Убакыт учуп улам закымдап,
Кеч калба деп улам алга чакырат.
Жашоо күрөш жыгыл тургун арымда,
Маарага жет ыкчам бол деп шаштырат.

Мээрим чачкан илебине,
Мээнет төгүп жетейин.
Күз төгүлгөн берекесин,
Төкпөй-чачпай терейин.

## ЖАЙ

Макул болдум жашоо учур өзүңө,
Күрпүлдөгөн күз күрөшчү күчүндө.
Мандай тери ак мээнети төгүлүп,
Сүйүү турат дыйканымдын жүзүндө.

Кун аптабы буттан башка жүгүрүп,
Көлөкөгө балдар качып сүйүнүп.
Кызык жашоо өтүп жатат жай мезгил,
Бактылуу күн ийкемдүү да жүгүнүп.

Жай мезгили толгон сулуу ай сымал,
Жашылчалар баары бышкан төгүлүп.
Тоо таштарда булбул сайрап куш учуп,
Дайра суусу  таштан ташка урунуп.



Кужурмөн күз берекеси төгүлүп,
Энелердин мээриминдей көрүнүп.
Алма бышып шагы турат ийилип,
Катар-катар сап-сап болуп тизилип.

Базар жайнайт дарбыз коон жүзүмү,
Шабдалы,Алма,анделеги,өрүгү.
Пейли кенен берекеси элимдин,
Булак суудай тунук таза көңүлү.

Күз символу болуп кыргызым,
Урмат сыйлуу болсун уул-кызың.
Мээнет төгүп барчылыкта жашайлы,
Көрсөткүлө улуу-кичүү бар сыйын.

## КҮН

Күн да батып таң атып,
Күндө жаңы сыр ачып.
Кубулжуган түр аалам,
Келип кетет кыр ашып.

Ырыскы толуп ыроолоп,
Мейманы бол элимдин.
Ыйманга толуп жүрөгү,
Жарчысы бол жеримдин .

**Жолдубай Кайыповко**

Сиздей сулуу көрөм өзүмдү,
Жарык кылып карангыда ай толгон.
Кызмат кылып тоодой жерине,
Кымбат эле өз учуру элине.

Ар бир тамга кагылгандай конгуроо,
Аваз менен угулуучу сөздөрүн.
Музыканын ыргагындай обондуу,
Күүгө толчу тамгалары үндөрү.

Жарк деп чыкса экранга Жолдубай,
Купулуна толуп элдин уулу ай.
Кыска тура жакшылардын өмүрү,
Арман экен таштап кетти кургурай.



Акылга толгон сулуу жуз,
Ыйманга буруп элин туз.
Аткарылбай коп ишин,
Кете бердин ошол куз.

## САГЫНДЫМ АЙЫЛДЫ

Баргым келди айылыма сагыныш,
Кучак жайып тосуп алар апам жок.
Көөнүм бошоп улутунуп бир азга,
Балалык күн өткөн экен болуп шок.

Мезгилдерим бөлуп алып ай жылга,
Медер туткан бактылуу кун чагымда.
Учур келип баяндап бир береби,
Ушул турган улуу кичуу сабында.

Бала күндөр бажырайган бакытпы,
Артка жол жок кийинки ирет жабыкпы.
Озгоросун токтоо болуп улуудай,
Дайра сымал омур агат албуутай.

Жашоо курош жыгыласын жыгасын,
Чабак уруп омурго тик турасын.
Кирпич кыштай бекем болуп урулуп,
Өмүр сабы бара берет кубулуп.

Ар бир танды аяп тосуп алууга,
Кунун отот мээнет жумшап табууга.
Эмгек күрөш берекеси чачылаар,
Элим үчүн бакыт жолу ачылаар.

## АТА-ЭНЕ

Түндө көрүп түшүмдө апам-атам.
Бала кездей кадимки жанында мен.
Бакытка балкып бае сезим менен,
Олтурам ортосунда көнүлүм ток.

Ырдадым экөө токтоп калган жерден,
Улантып дептеримди карап улам.
Апакем унутканын кана ата?- деп,
Улаймын обон салып коштоп улам.



Ойгондум уктай албай түш элеби,
Одарып ары-бери тынч алалбвй.
Ошол күн бир күн эле берсе кана,
Зар болуп караанына ата-апа.

Тойчумун тамак ичпей караанына,
Бактылуу ошол күндөр атин кана.
Аз күнгө б ерген экен байкабапмын,
Кеч билдим кайталангыс арман тура.

Ал кезде өмүр бою бир болчудай,
Эркелеп бала бакыт тоюптурмун.
Энсеген элесине зар болорум,
Экинчи дүйнөм экен көрүптүрмүн.

Ачуу турмуш күтүп турган шашпа деп,
Замананды зарлап бекем карма деп.
Эркелеген бая эси жогун жок,
Эрдемсиген кыялынды карма дейт.

Тынсынганын турмуш өзү экенин,
Туура жолдон тайба таяк жебегин.
Женилбегин женил оокат ээрчибе,
Он сол жолду танда өмүр тирегин.

Жүрөк сүйлөйт таза жолду тандагын,
Ата мурас милдетинди аткаргын.
Акылынды эл жүгүнө арнагын,
Адал змгек вркасында шандангын.

Абайлагын вралаcа көр сезим,
Шаандуу келип азгырганга умтулар.
Келсе дагы кыйын күндор чыдап кой,
Чагылгандай өтөр-кетээр чарпылып.

Мезгил сыноо майышпагын чарпылса,
Курчуй бергин улам алга талпына.
Ар-намысты бекем карма туу тутуп,
Ошол жеңиш жетет сенин баркына.
Ата журтум караанына кагылам,



Бекем болсун уулун-кызын заманам.
Тынч болсо экен элим менин типегим,
Кудуретен колум жайып суранам.
Тарт колунду эл ичинде душмандар,
Ырыскыга колун салып бузгандар.
Зарлап жүрөт оору-сыркоо кээлери,
Адилдер бар жардам колун сунгандар.

## ПЕЙИЛ

Турмуш сабак турмуш чындык экенин,
Кантип чанып чыгып андан кетемин.
Табиятын боек сымал сүртүмү,
Таанып алуу милдет экен билемин.

Пейил берип баарыбызга ар түркүн,
Даражасын көрө бер дейт көп түрүн.
Чектен чыгып кетсен кеч го өкүнуп,
Бармак тиштеп кала бербе төгүлүп.

Аруу сезим тазалыкты абайлап,
Жашайлычы тирүүлүктү ээ барктап.

Карбаластап калбайлыкчы кечирээк,
Унутпайлы жашоо бизге бир белек.

Күндөр өтөөр секунд сымал зыпылдап,
Кайсы күн деп карагыча кайыптан.
Бала сымал бапестеген табият,
Көрө бер дейт төрт мезгилди астыртан.

Таза жолду тандап алсаң ирген сен,
Таалайыңдын таң шооласы билем мен.
Азгырылып дүнүйөнү кармасаң,
Атиң анда каргаша көп шаңдансаң.

Чыга албай чырмалышып өтөсүң,
Чыр түбүндө чакчелекей будуң чаң.
Пейилиңе жарашасың тандаарсың,
Берем десе көзүң жумуп каармарсың.

Жашоо деген сен же менден сурабайт,
Мыйзамы ошол туура жүрсөң утаарсың.



## МЕКЕНИМ

Кереметүү жомок кыял чабытап,
Периштедей учуп келип жаныма, Мекеним
Орундайын айтчы деги тилегиң,
Кабыл болсун арзуу тилек шартыңа.

Мээрим ыйман ийкемдүүлүк бар бекен,
Издеп жүрөм тууган элим ичинен.
Көп кыдырдым тапай калдым эмнеге,
Калың журтум журт которуп кеткенби.

Кагылайын карегимде Ала-Тоом,
Сүйөнөрүм жүгүнөрүм түнөгүм.
Канча кымбат алтын буюм берсе да,
Теңдеши жок бир өзүңү сүйөрүм.

Таалайыма кыргыз болуп жаралып,
Мактанамын кызың болуп аталып.
Улуу тоонун боорунда мен төрөлүп,
Улар куштай учуп жүрөм даңк алып.

Ак маралдар кайберендер оттогон,
Ала-Тоомдо жыпар жытуу чөп кенен.
Арча кайын токойлорун аралап,
Ташкындаган дарыя суусу бепбелен.

Таза аба булак суусу сызылып,
Тан калышат башка элдер кызыгып.
Кымыз сүтү кулун бээси байланып,
Дарылыка аты чыкан жар салып.

Апак пейил жайдары жүз мүнөзү,
Кыргызымдын кыял теги дал өзү.
Кылымдардан кыя ашып бел ашып,
Жашап келет өчпөс суусу мүрөгү.
Ошол менмин кыргызымдын жүрөгү.



## ЖАЗЫМ

Жазым менин сулуу айым,
Жагалданган улуу айым.
Жан-жаныбар бүтүн баары,
Жаңы уйкудан көзүн ачты.

Жер бети да жүзүн ачты,
Ай да нурун тегиз чачып.
Жылуу илеп бетен алды,
Бакыт жолун кенен ачты.

Ууз сүтүн уйум берип,
Ууртума күлкү келип.
Улуу айым кирип келди,
Өрүк гүлүн тегиз тогуп.

Туулган айым бул айым,
Таалайыма кел дайым.
Тандан туруп ырыскы,
Таң нурунан бер дайым.

Жаз айым май айым,
Ар бир күнү шат дайым.
Кучагына кут кирип,
Берекеси мол дайым.

Байчечекей гулун ачты,
Баары тегиз бурун чачты.
Жердин бети жашыл көктөм,
Бетен сылап жыт анкыды.

Жамгыр жаады Бакыт дагы,
Сүмөлөктүн сыйка даамы.
Мал жана тоют мол деп,
Тилегени болду баары.

Дыйкандын жүзү жарык,
Дан уругун септи чачып.
Бата берип мол болсунчу,
Кызыр келди эшик кагып.



Оомийин Аман болсун журтуңар,
Данга толсун кампанар.
Ырыс бакыт ыроолоп,
Бейиш болсун жалпынар.

**ИЗДЕНҮҮ**

Ысык суuктун кадыры,
Өлчөп тураар сабырды.
Жакшы менен жаманы,
Жер Бетине тарайбы.

Ак карасы эгиздей,
Жашоо баары тегиздей.
Өтүп жатат өмүрлөр,
Жумурулуп сегиздей.

Өлчөп өмүр шаанисн,
Тегиз тийип таасири.
Тандан туруп чачырап,
Терип ал дейт мааниси.

Жакшы тилек өмүрдүн,
Борбору бул көңүлүн.
Тирек болоор эртенге,
Оорун алып жүгүнүн.

Бакыт издеп пендебиз,
Жакшылыкты издейбиз.
Колдо турса көрбөстөн,
Карангы ай кейийбиз.

Таптым мына тарыхын,
Чачып бизге жарыгын.
Аянбай жаса жакшылык,
Ошол тура барчылык.

Кейибе эч бир күнүңө,
Керемет тура үнүндө.
Кебездей жумшак сүйлөсөң,
Дүнүйө түгөл өзүндө.



Издебе душман жок экен,
Тескери кыял шок экен.
Пейилди бир аз ондосок,
Периште ошол жол экен.

Бузуп салса ereже,
Ондой албай кеңеште.
Уруш чыгаар ошондо,
Таба албай кирепте.

Ар бирибиз так болуп,
Күнүбүз дайым ак болуп.
Ондойлу ката кетирсек,
Урааныбыз чак болуп.

## ЗАМАНА

Тилегибиз орундалып элимин,
Катаныда туура деди кебинин.
Оксук заман кетиби кылчайбай,
Татаал эле курган ошо чебинин.

Уйронуп да калдык эле кол шилтеп;
Кереги не конулсузго замана.
Кудайымдын бору ачыды көрүнөт,
Садыр келди карапайым калкына.

Тойгон наадан кезекти бер намыска,
Толуп-ташып билек түрүп жарышка.
Кызыр келди ак карды төгүлтүп,
Жууп жиберди кара өзгөйдү антына.

Барчылык бол, бакыраган замана,
Тынчтык Бакыт тилегибиз алдыда.
Улуу жеңиш урматыбыз даңгыр жол,
Улуу кичүү сыйлашалы баркты да.

## КАР

Апакай кар таптаза,
Көөнү таза адамдай.
Калаа бетин тазалайт,
Кара каптап калгандай.
Алтындай жанып үлпүлдөп,



Мээримин төгүп салгандай.
Аппак пейил элиме,
Дартына даба тапкандай.

Таза абанан дем алып,
Табынып сага турайын.
Колумду жайып күбүрөп,
Калкыма бакыт сурайын.

## КЫРГЫЗЫМ

Кыргызым менин кыргызым,
Алдыда сенин ырысың.
.Кыйла жыл келдиң кыйналып,
Кылымдын мезгил тогошуп.

Кыйналып жүгүң алайын,
Каректе дайым карааның.
Калайык калың журтума,
Кочуштап көмөк салайын.

Заманым жакшы болсо деп,
Аталар өмүр арнаган.
Кыйналып кыйын учурда,
Жүрөгү тилип канаган.

Бактылуу күнү бул экен,
Балдары наадан чыр экен.
Тойбогон шумдук дүнүйө,
Тобокел салып шыл экен.

Араандай ачып алкымын,
Ырысын жеп калкынын.
Кыйындар чыкты терилип,
Куушуруп колун саткынын.

Бейиш бир турса заманым,
Кадыры кетип адамдын.
Акылды түртүп арт жака,
Кайда шашат караанын.



Ээледи жакшы мекеме,
Эрксиз баары кекейме.
Тууранын тилин байлады,
Тууганды жандап сайрады.
Көрсөк дагы көрмөксөн,

Көөдөндө чындык өлмөксөн .
Кууралып жашап келдикпи ,
Кумайык болуп бердикпи.
Досторум баары көңүлдүү.

## ЖАШТЫК

Ал мезгил бала элек байкабаган,
Турмушта татаал жолду тандап алган.
Билим деп так түйүлүп түйшөктөнүп,
Өзгөчө таза жолду тандап алган.

Башкалар окуу аяктап үй-бүлө деп,
Кетишти ата-эне айтканы эп.

Сүйүштү кээ бирлери жетелешип,
Баарынын оздорунда ушундай кеп.

Өзгөчө форманы издегем,
Көп окуп китепти тизмеде.
Барбадым баш ооруу оюнга,
Кирбедим үй-бүлө тоюна.

Канткенде жетем ашууга ,
Ай жылдар өтүп шашууда.
Колундан эмне келээр деп ,
Кожоюн турмуш кагууда.

Чындык издеп чырылдап ,
Чымчык сымал пырылдап.
Местаны ээлеп эр экен ,
Таанышы бар шер экен.

Каккылап ар кай эшикти ,
Мен үчүн баары бек экен.



Туткасын бекем кармаган,
Тагдырды нечен жалмаган.

Тааныш билиш аке деп,
Илгертен жегич пара алган.
Заманын кууруп жеримди,
Зулумун чирип терилдин.

Кош айтаар күнүн келдиби,
Кебелбес баатыр элимдин.
Учугун улап жаштарын,
Ураалап кадам таштадын.
Убайым тартып улуу эл,
Кудайдан сурап ал жагын.

Көпөстөр оонап кутурду,
Жан талашып жутунду.
Коерго бутка жер тапай,
Жегендин баарын кусушту.

Желкеден баш 1 жеңден кол чыгарып,
Бир өлкөдө бир туугандай турайлык.
Коңшу жака кетпесе экен жаман кеп,
Кол кармашып чылбыр башын бурайлык.

Кыргыз элим ыйык эл,
Кылымдарды багынткан.
Кут дарысын жериме,
Бардык элди суктанткан.

## АТА ЖУРТУМ

Ата журтум уулун келди Садырын,
Эл деп күйгөн баалайлычы кадырын.
Төрт аяктап зуулдап барат тулпарың,
Кудуретен бата тилеп сурагын.

Бешенеге алла берип жал бүткөн,
Жүрөгүнө элим деген оор жүктөн.
Алтын башын аянбастан ураалап,
Жуткучтарга тике туруп күрөшкөн.



Ушак айтып эрки бoштор артынан,
Дүнүйөсүнката албай каркыган.
Заманасы куурулуп көр дүйнө,
Байлар бүгүн сар-санаага кабылган.

Элдин бүгүн көтөрүлүп маанайы,
Жеп жутардын түшүп турат шаабайы.
Заман өзү өзгөрүлүп эл үчүн,
Калың журтум турсун дайым жайдары.

## МАНСАПКОР

Улуу элим удургутуп душманын,
Азууларын курчутубу күч алып.
Бир тууганын бир-бирине кас кылып,
Маашырланып арам оюн курганын.

Бийлик, мансап, кыялын,
Биримдикти уурдадын.
Элди жарып экиге,
Чоң казатты баштадың.

Жети област биригип,
Жең ичинен тигилип.
Эл журтундун эс-учун,
Эки кылдың чимирип.

Ата-эненин балдарын,
Келечеке бурам деп.
Жыргал турмуш курам деп,
Жымырып кое жаздадың.

Баатыр наамын берем деп,
Балтыр эттүү жаштарды.
Көкөлөттүң көр пенде,
Өз ишиңди алам деп.

Үйдө таппай балдарың,
Өксүп эне зарланды.
Аман кайтып келсечи,
Күүгүм кирип байланды.



Көз ирмебей таң атты,
Борбор калаа жык-жыйма.
Эл ураалап кыйкырма,
Жапар Жапар Садыр деп.

Көздөр жайнап бир кылка.
Депутат болом дегендер.
Элди алдап жегендер,
Жыгылган тойбой күрөшкө.

Дагы эле жүрөт берендер,
Момун элди  далга чаап.
Аткарып берем дегендер.

## ТЕҢИР КОЛДОСУН

Мезгил өзү өктөмдүгүн көргөзүп,
Бүтүн дүйнө чарк айланып чөгөлөп.
Пейилдерди  тазалоочу күн келди,
Байына да кедейине тен берди.

Ашык атпай дүнүйөң да курусун,
Ажал менен арбашкандар түнүлсүн.
Ала Тоомдо аркайышып зоолору,
Адам ата тагдырына жүгүнсүн.

Теңир берсе тең тайлашпай ийилип,
Пейилибизди ондойлучу биригип.
Башка жолдун бүтүн баары тосулган,
Кезек келди бир гана жол илимдин.

Өмүрүңдө ким экенин билиндиң,
Таанышка да акчага да баш ийбей.
Таза учур келген өңдү билинбей,
Кудуретин бар экенин баалайлы.

Дүйнөбүзгө тазалыкты кармайлы,
Ыдыратпай тынчтык жолун сактайлы.



## ТИЛЕК

Мезгил сыноо тоодой болуп заңкайып,
Ойлор сызык жолдой чаржайыт.
Колду шилтеп кетким келет кээ күнү,
Жашоо белек бизге келген бул бакыт.

Тагдыр деген таалайымдын энчиси,
Талбай аны терең казуу кенчиби.
Мээрим менен тосуп алуу ак таңды,
Мээнетиңди талбай кайрып берчүбү.

Миң түркүн ой-кыялдар болсо да,
Миң бир күлкүн жүзүнө шат толсо да.
Тоодой бийик асыл болгон максатар,
Тооба дейли заманам тынч болсо да

Ар бир үйгө бакыт нуру консунчу,
Ошол биздин тилегибиз болсунчу.
Бул жашоого өмүрдө бир жаралып,
Кудуретим кубаныч берип койсунчу.

## КИНДИК КАН ТАМГАН ЖЕР

Түшкө кирип апакем,
Түйшөлгөнүм сездиңби.
Оо дүйнө менен бу дүйнө,
Аралыгын кечтиңби.

Тирүүлүктө биз деле,
Тыным албай күн деле.
Өтүп жатат убакыт,
Өчүү бардай тез эле.

Заман турат коюлуп,
Жаман болуп оолугуп.
Кетирсек ката кечириң,
Деп суранып буулугуп.

Күн-түн бирдей ийленип,
Калгансыйбыз жуурулуп.
Карегимде Ала-Тоо,
Калдайып карайт карачы.



Карааныма күч берген,
Калыстыгын байкачы.
Бабаларым байырлаган,
Кылымдарды саначы.

Түгөнбөгөн жашоонун,
Барактарын кайра аччы.
Кудуретим күч берсин,
Таразасын тең басчы.

Таалайыбыз жарк этип,
Бакыт нуру чачырап.
Бардык эшик ачылат,
Берекеси чачылат.

Тооба кылган элиме,
Киндик кан тамган жериме.
Терин төккөн мээнети,
Алтын күмүш бермети.

Эмгек кылган элиме,
Эшигин ачты кел эми.
Таалайлуу өмүр сүр деди,
Ыйбалуу болуп уул, кызын.
Учугун улап жүр деди...

## ЖАШОО КҮРӨШ

Жашоо күрөш ат салышып жарышка,
Алып учат зымырап бир калыпта.
Атаандашып жаны үй салуу күч экен,
Эки этажбы полторашка багыта.

Өссүн элим тилегине жете бер,
Оомат келсе кубанычын бөлө бер.
Абийир намыс ынтымакты биринчи,
Алга бирок катарына кое көр.

Керек тура тиричилик баасы бар,
Кейигендей укмуш насил жайы бар.



Бар чылыктын болуп ушул белгиси,
Бардыгына байлык деген аты бар.

Болсо кана билим үчүн жарышуу,
Айгак салып акыл-эске кайрылуу.

Атин заман жетээр белек бир күнү,
Майрам тосуп улуулука умтулуу.

Жашоо шарты жакшы болсо ушундай,
Айылымда ата-энелер унутпай.

Ар бир бала билим үчүн күрөшүү,
Үчүн чыксак катарынан калышпай.

Ошол бизге закон болуп калсачы,
Бардык үйдо майрам болуп бакытай.

## ЭЛМИРБЕККЕ

Элине чачып ажарын,
Элине ырлар арнадың.

Эмгегин эстеп санасак,
Элмирбек аягы жоко тападым.

Кадыры элен калкындын,
Алпы бир элең акындын.

Алакан чаап алкасак,
Сыймыгы элең салтыңын.

Куюлтуп төксөн ырыны,
Төгүп бир салсаң ырыңы.

Уюп бир элиң уканда,
Саякбай элең чыныгы.



Кебетеңе куп жарашып келбетиң,
Кең пейилдүү нурдуу эле элесиң.
Калк ичинен орун алып жүроктөн
Кайда кеттиң ойдун ашып белесин.
Элмирбек ырларда калат элесин.

## Эл уулу ЭЛМИРБЕК

Өмүрдүн келсе аягы,
Өтүнүп сурар ал барбы.
Өкүнүч менен кеттиго,
Өкүнтүп кургур баяны.
Өлбөс бир болуп калсачы,
Өлкөмүн улуу жараны.
Өлчөп жашты бергенби,
Өсө элек келип кыяны .
Элмирбек Зайыр кенч эле,
Өзүнө таандык кыялы .
Өчпөстөй болуп жүрчү эле,
Өрнөктүү болуп сыягы.
Өкүнтүп алып кетээрби,
Элмирбек, Зайыр кечээги.

Жашоонун келип кызыгы,
Элимдин эрке балдары.
Аткараар эле көп ишти,
Атагы чыгып алыска.
Саябан болуп жарышта,
Көтөрүп алып желекти.
Жеңишти алып келмекби,
Жумурай журт элибиз.
Ак батасын бермекби,
Алкоого алып бул экөө.
Аттиң, бир арман күн беле,
Коштошоор кайгы түн беле.
Калың журттуң кайгыда,
Аза тутуп артында,
Ак батасын беришти.
Жаткан жериң бейиш болсун!
Оо дүйнөң нурга толсун.



## КОШУНА

Көңүл бошоп акыл тайкы бирөө бар,
Кыныр ишти кытмыр жасап күлөт ал.
Түн ичинде сууну буруп жер тешип,
Үйдүн арты соормо сазда агып жай.
Кара ниет үй бузулсун дегени,
Кудайдан да коркпой жалтан кареги.
Урушалбай уят болоор бүгүн деп,
Бергенсидим сөздүн улуу дарегин.
Чычкан ийин салган экен ийрейтип,
Деген сөздү айтты бекем ишентип.
Жалган сөздү жаттап алган ченебей,
Жашай берет намысы жок кенебей.
Ор казсаң эгер бирөөгө,
Кең казгын дейт кирүүгө.
Анткени түшүп каласың,
Айыбың чыгып тинтүүдө.
Жаш болсоң далай кыйналыш,
Өтөсүң өмүр чайналыш.
Обу жок жүрсөң күнөөкөр,

Тартасың азап чыналып,
Колдон келсе периштедей ийилип.
Колду сунсаң жазат барак чийилип,
Танда шашпа кошуна кыз ийгилик.
Бирге болсун ачуу-таттуу тиргилик.

## ЭЛМИРБЕККЕ

Кылымда бир келген кыраан эле,
Кыргызыма жаралган улан эле.
Кыйкыртып эл журтуну ызы-чууда,
Коштошпой кайда кеттин ушул танда.

Селт этип кара сөздү окуп алып,
Селдейип ичтен сызып турдум катып.
Жаш элең жанып турган чырак элең,
Элиңе тоодо учкан улар элен.

Ыр созуп айтыш ойнун кураар элен,
Кол чабып көнүл ачып кыргыз элин.
Чер жазып сени сүйүп турар эле,
Кош эми жаткан жерин жайлуу болсун.
***Элмирбек оо дүйнөң нурга толсун.***



## УЛУУ-ТОО

Кереметтүү жомок кыял чабыттап,
Периштедей учуп келип жаныма.
Орундайын айтчы деги тилегин,
Кабыл болсун арзуу тилек шартына.

Мээрим ыйман ийкемдүүлүк бар бекен,
Издеп жүрөм тууган элим ичинен.
Көп кыдырдым таппай калдым эмнеге,
Калың журтум журт которуп кеткенби.

Кагылайын карегимде Ала-Тоом,
Сүйөнөрүм, жүгүнөрүм түнөгүм.
Канча кымбат алтын буюм берсе да,
Тендеши жок бир өзүңү сүйөрүм.

Таалайыма кыргыз болуп жаралып,
Мактанамын кызың болуп аталып.
Улуу тоонун боорунда мен төрөлүп,
Улар куштай учуп жүрөм данк алып.

Ак маралдар,кайберендер оттогон,
Ала-Тоомдо жыпар жыттуу чөп кенен.
Арча,кайын,токойлорун аралап,
Ташкындаган дарыя суусу бепбелен.

Таза аба, булак суусу сызылып,
Таң калышат башка элдер кызыгып.
Кымыз, сүтү, кулун, бээси байланып,
Дарылыка аты чыккан жар салып.

Аппак пейил жайдары жүз мүнөзү,
Кыргызымдын кыял теги дал өзү.
Кылымдардан кыя ашып, бел ашып,
Жашап келет өчпөс суусу мүрөгү.
Ошол менмин кыргызымдын жүрөгү.

## ТЫНЧТЫК БОЛСУН ЭЛИМЕ

Эмгек мээнет жериме,
Гөр казгандар өзүнө.



Кайтып кетсин төрүнө,
Канча илдет калкымы.

Каарып турат запкысы,
Кара ниет кан kускур.
Жарып өтсүн жалпыны,
Ойлоп тапкан жан алгыч.

Осуятын эл кыруу,
Кылымдарды карыткан.
Урсун сени жер сырлуу,
Дүйнө элдин кабагы.

Каарын төгүп жатабы,
Каткан зыян бул болсо.
Сени кудай урабы,
Жексур атка конупсуң.

Жердин жүзүн оюпсуң,
Дүйнө жүзүн багынтып.

Дүркүрөйм деп оолуктуң,
Калың журтка катылсаң.

Каргыш урат капыстан,
Ор казсаң эгер бирөөгө.
Өзүңө жетээр кайыштан,
Ойлоп тапкан вирусуң.

Оңбой дароо курусун.
Оюп дароо жетсе экен
Жер м.н.жексен жуурусун.

## ЫЙМАН БОЛСО ӨЗҮНДӨ

Пейли жаман оңолсо экен түздөлүп,
Артпаса экен башкага жүк болуп.
Канчаларды какшатып жер көтөрүп,
Кадыресе карегине муз тоңуп.
Калгандайсың күн нуруна бозоруп.



Кайын журтту кадырлоо милдети,
Кайсаңдабай ийилүү кадыр кенчи.
Келин жүгүн аркалап кадыресе,
Кыз ордуна кыз болуп алгын энчи,
Ушул сенин ордунду терең билчи.

Ыйман болсо өзүндө мелтилдеген,
Суктанышса башкалар кел-кел деген.
Дүйнө, байлык жогору көрүнсө да,
Баардыгынан зарыгы Адам деген.
Жашоо тыңдайт ким экенин көрөм деген.

## КӨКТӨМ

Жамгыр жааса жер жашарып,
Көңүл калаар тазарып.
Жашыл чөптөр тегиз гүлдөп,
Өмүр бараар уланып.

Табийгаттын сырдуу сүрү,
Ай ааламды жаратты.

Таттуу өмүр сүрсө деп,
Адамзатты таратты.

Тойбой пендең кургурун,
Тоо талашты чеңгелдеп.
Эмне болсо бүтүн баары,
Меники деп элеңдеп.

Бүтүн дүйнө ааламдашкан,
Жем кордукта жашашкан.
Тыя албай алкымдарын,
Төнкөрүштү жасашкан.

Кереметин аалам корсөтүп,
Сөөмөй кезеп эскертип.
Сын коз менен карасак ээ,
Каталарды тез сезип.

Абийир жок акча экчелип,
Кул болдук ага тепселип.



Байлык ээлеп баш мээни,
Ээлеп алды туш келип.

Акыр заман алып акылды,
Жашоо жеңеби бакылды.
Көрө албастык кош көңүл,
Бүт ааламды сапырды.

Оңдобосок ак пейил,
Курут болоор заманаң.
Кимдер кылса күүнөөсүн,
Азап тартсын абыдан.

Айланбагын элиме,
Кирбе бийик чебине.
Киргилт болсоң өзүң тарт,
Күнөөң көөдөй бетинде

Аралашпа ак кара,
Тунук сууну булгаба.

Тултуям деп түр салып,
Түн кеченде куураба.

Жөн кой менин элимди,
Уккун акыл кебимди.
Жалган жалаа жаппастан,
Өчүрбө таза сезимди.

Кетсин баары чекилик,
Кытмыр өзү шекилик.
Айланама ар дайым,
Жакшы закон бекиттик.

## КОШУНА- ҮЙ

Жаман дешти чуру чууга салышып,
Жакшысы жок арасында кагышып,
Көрө албастан каныргы түтөшүп,
Жүрөөр экен бирин-бири күүлөшүп.



Ыйман жолу артта калган чоочуркап,
Убайым жеп үмүт үзүп ар убак.
Береке да качып кетээр куура деп,
Билээр бекен бекерпоздор топурап.

Туура айтсаң тууганыңа,
Жакпайсың да куурадында.
Төгүн жерден төңкөп сага,
Төңкөрүштү кылат тура.

Коңшу болуп калган элек,
Көп кырларды салган элек.
Жакын тууган болсок дагы,
Жаңжалдашып тураар эле.

Жол жок болсо жогжондоп,
Үй жанынан өтөөр эле.
Бала башка эшеги да,
Тынчынды алып кетер эле

Өз үйүмдү тосуп салдым,
Төгөрөгүн тырмалап.
Жаманатты кылып жүрдү,
Оң келгенге ушактап.

Таппай турган бекерчилер,
Жарпын жазды кулак чери.
Көрө албаган көөнүн керип,
Максатына жетти чертип.

Кээде айылда же шаарда
Көңүл бурбай иш арада
Көмүскөөдө айтып алдым
Ушакчылар убайын да...

## МАРТ АЙЫ

Март келди майрам келди,
Ар бир үйгө шаң тан берди.
Куттуктап бүтүшө албайт
Кубаныч сайран келди.



Адырлар гүлгө толот,
Айлана кымкап ороп.
Бак-дарак бажырайып,
Гүлдөрүн тегиз төгөт.

Март айы сулуу ай,
Сүйүүгө ачып жай.
Сыймыктуу баратышат,
Келечек бакытка бай.

Кут болсун майрамыңар
Кайгыны айдадыңар.
Кана эми тосолучу,
Жаз айды шайладыңар.

## ЖАҢЫ ЖЫЛЫМ

Жаңы жылым келчи тосом жолуңан,
Бакыт таалай жетелейин колуңан.
Берешениң берип кетчи мага да,
Чачыласын чачкан күмүш кабынан.

Он эки ай күттүк мына чарчабай,
Оомат бизге келээрби деп күн санай.
Тилегибиз орундалып ааламдан
Таң шоласы кирип келди чачырай

Аяз ата ак батаны бере гөр
Көптүн бири берекени себе көр.
Элим өссүн кубанычы мол болуп,
Телегейи тегиз жери шан толуп.

Майрам болуп ар бир үйдүн өзүндө,
Маанайлары көтөрүлсүн жүзүндө.
Куттуу болсун кирип келген жаны жыл
Орун алсын ар бир үйдүн төрүнөн

### ТУУЛГАН ЖЕР

Туулган жерим тоолуу өрөөн капчыгай,
Арчасы мол жапжашыл го карагай.
Ак булуттар таң сүрүлө сөгүлүп,
Ала тоодо жайнап чыккан ак буудай.



Тунук булак тамчысындай ай толуп,
Берекеси түгөнбөгөн ырыскы.
Пейли таза жайдары эл шоокуму.
Абасына канбай такыр моокуму.
Жаз мезгили жапжашыл төр макмалдай,
Кызгалдактар гүлүн эгип салгандай.
Кымыздырык,чүкүрүсү даам татсаң,
Берешендик дасторконун жайгандай.
Тоолук элим таңы м.н.тең атып,
Саартан кечке күнү м.н.тең батып.
Чарчабаган мээнеткечсин символу
Бул өмүрдүн ээси болуп колу ачык.
Сыймыктанам туулган жерим өзүңө,
Кайда жүрсөм карегимсин көзүмө,
Канча мээнет төксөм баары сен үчүн,
Мен келгенде өткөзүп жүр төрүңө.

### ТАГДЫР

Жомок эле күтүп жаттык сүйүнүп,
Аяз ата келет десе жүгүрүп.

Жарышабыз мен биринчи аалам деп,
Бакыт нуру колду сунуп күйүгүп.

Аяз ата ар бирине ар башка,
Белек сунду каректери таптаза.
Караанындан кагылайын балалык,
Катып жүрөм ошол күндү ушуга.

Калбайт беле ошол күндөр уланып,
А адамдар азыр башка кууланып.
Өмүр өтөт мезгил калат ошондой
Келечекке тагдыр бизге жол ачып.

## ТАБЫЛГА

Бакыт издеп кимге барды,
Ойлонбогон тоодой бийик табылга.
Издеп жүрөм жоготуп мен табалбай,
Шумдук экен учуп кетет шамдагай.



Ким бирөөгө кыйын эмес опоңой,
Башка бакыт конуп турат ар кандай.
Турмуш өзү татаал экен бирөөгө,
Жеңил экен ойлонбосо кыйналбай.

Таза жолду тандап алсаң күнүгө,
Дайым ачык жадырайсың сүйүнө.
Өмүр бою өйдө-ылдый жүрөсүң,
Ошол бакыт кубанычты сүрүүгө.

## АТАМДЫН ТАГДЫРЫ

Атакем мактанбады актанбады,
Тылда иштеп өмүр жолун барактады.
Жаш жетпей согуш кезде Бишкегинде
Жапырт эл фронтунда кызмат алды.

Эл ачка согуш баары бир тилекте,
Ынтымак биригишти бир билекте.
Муштумду түйүп алып алга дешти,
Жеңиш үчүн Гитлерди тылда, чепте.

Кыйналган эл тилеги ураа ураа,
Майрамды тосуп жатты бүткүл зоона.
Көтөргөн бүт азабы көз жаштары,
Энелер ыйы жетти бүт ааламга.

Тынчтык орноп билим алып Бишкекте,
Атасынан ажырaптыр жаш кезде.
Чоң атамды бай-манап деп орустар,
Кырган экен каймактарын кыргыздын.

Катаал кезде ыдыратпай элдерин,
Багып турган урууларын бийлери.
Заман ошол тарых бизге баянын,
Айтып өттү оор мезгилдин тактарын.

.Жетимчилик согуш баары желкеден,
Муунтуп турса кайра андан күчтөнгөн.
Чечкиндүүлүк чыдамкайлык баары,
Жиреп алга баатырлыка үндөгөн.



Заман канча оор болсо болоттой,
Миздүү болуп намыстана күрөшкөн.
Айтып берет атам баарын жомоктой,
Ойлоп көрсөм Баатыр экен бир октой.

Канча катаал болсо өмүр жолдоруң,
Дал ошондой ыйык болот өрнөгүң.
Агроном деген билим алыптыр,
Эл-жерине аман эсен кайтыптыр.

Шапке кийип өз жерине бир келсе,
Таанбыбастан катып карап калыптыр.
Согуштан соң чарчап эл да оор турмуш
Анан баары кучак жайып алыптыр.

Ачка мезгил буудай айдап жерине,
Элдин баарын иштетиптир кезинде.
Алган билим тийип элге пайдасы,
Токчулук күн келген экен карачы.

Отуз жыл мээнет төгүп элине,
Которулуп кийин башка жерине.
Орус аял ката жазып бир атын,
Жазылбаптыр эмгек китепке

Бааланбаптыр бөлөк атта дегенби,
Кийин гана30 жылдык мээнети.
Кала берди аттиң турмуш сереси,
Ушул болду өмүрдүн бүт кемеси.

## КЫРГЫЗЫМДЫН КЫЗДАРЫ

Кыргызымдын кыздарынын чачы улук,
Көздөрдүн жоосун алып сулуулук.
Табият берген беле аянбай,
Кундуз чачы өйдө-төмөн кулпуруп.

Ийинине ийкем болуп жарашып,
Илберенки басса-турса карашып
Кыздарына белек кылып бериптир



Кундуз сымал кылдай ичке тарашып.
Алдейлейли жууп-тарап өстүрүп,
Керек эмес!-кыркып аны өлтүрүп
Ак-сарыга боёп алып күйгүзүп,
Сар-санаага түшпөйлүчү булунтуп.

Кыздар сулуу узун кара чач менен,
Кыргызымдын бийик улуу салт менен.
Шөкөттөйлү шуру-мончок тагынып,
Шанданайлы кыргыз кызы ат менен.

## ӨМҮР

Өмүр өтөт токтобостон узун жол,
Өчүм бардай кубалаймын күн бойлой.
Али максат тилектерим оюлбай,
Шамал сымал алып учат бороондой.

Буту колуң байлап алып уччу деп,
Тагдыр кээде тамашасын көрсөтөт.

Таалайына ушул күндөр бүттү деп
Таманыңдан муздак сууну өткөрөт.

Өмүр калчап өйдө-төмөн ирегe,
Көңүл оорул кээде таппай бир чээнге.
Көпкө жол жок тунжурайсың,
Күндөр өтөт учкан куштай бекерге.

Жаштык демим жалындаган,
Акыл-эсим олбурлуу.
Менден бийик күч бар беле,
Кээде калам бир ойлуу.

Өмүр деген өлчөйт өйдө-төмөнгө,
Өкүнүч да, кубаныч да көңүлдөө.
Сабыр берип терең ойдо карасак,
Тагдыр өзү тап берет көрөңгө.



## МАЗМУНУ

1. Тилсиз жоо 1
2. Айт келди 2
3. Жай 3
4. Мектебим 4
5. Календардын 17 7
6. Каргымде Ала-Тоо 8
7. Ата журт 11
8. Жашоо сапары 13
10. Нооруз 14
11. Таң сулуу 15
12. Кара ташым 16
13. Оомат 18
14. Мезгил үнү 19
15. Кыш 20
16. Жоокер 21
17. Ак кар 22
18. Жаз 23
19. Ырыскы 24
20. Сулуулар 25
21. Туулган жер 26
22 .Элестер 27
23. Апакем 28
24. Ата 31
25. Эссе 32
26. Пендебиз 33
27. Туугандар 35

28. Өтөт күндөр ____ 36
29. Айылым ____ 36
30. Келбес күндөр ____ 38
31. Жай ____ 39
32. Жаз ____ 40
33. Замана ____ 41
34. Ак кар ____ 44
35. Тагдыр ____ 44
36. Жыландар уюгу ____ 4
37. Күз ____ 47
38. Жай ____ 48
39. Күн ____ 49
40. Жолдубай Кайыпов ____ 50
41. Сагындым айылды ____ 51
42. Ата эне ____ 52
43. Пейил ____ 55
44. Мекеним ____ 57
45. Жазым ____ 59
46. Изденүү ____ 61
47. Замана ____ 63
48. Кар ____ 64
49. Кыргызым ____ 65
50. Жаштык ____ 67
51. Ата журтум ____ 70
52. Мансапкор ____ 71
53. Теңир колдосун ____ 73
54. Тилек ____ 75
55. Киндик кан итамган жер ____ 76
56. Жашоо күрөш ____ 78



57. Элмирбек ____ 80
58. Эл уулу Элмирбек ____ 81
59. Кошуна ____ 83
60. Элмирбекке ____ 84
61. Улуу тоо ____ 85
61. Тынчтык болсун элиме ____ 86
62. Ыйман болсо өзүңө ____ 88
63. Көктөм ____ 89
64. Кошуна үй ____ 92
65. Март айы ____ 94
66. Жаңы жылым ____ 95
67. Туулган жер ____ 97
98. Табылга ____ 98
99. Атамдын тагдыры ____ 99
100. Кыргызымдын кыздары ____ 102
101. Өмүр ____ 103

# ТАҢ НУРУ

# ЫРЛАР ЖЫЙНАГЫ

Редактор: Гулайим Жайлобаева

Тех. редактор: Алмахан Мамаева

Жасалгалаган: Айсулуу Паязова

Басууга 19. 07. 2024. Тираж: 100 даана.

„Ч. П. Мамаева" типографиясы

Ош шаары Г. Айтиев көч. 10

Телефон: 0557085062

